**К.Ш.Токтомаматов атындагы**
**Эл аралык университеттин**
**Үзгүлтүксүз ачык билим берүү институту**
**Педагогика кафедрасы**

***Кафедранын миссиясы*** - инновацияларга жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү, өз билимдери, көндүмдөрү, компетенциялары жана санариптик заманбап коомдун шарттары боюнча шайкеш келген атаандаштыкка жөндөмдүү, кесипкөй педагогдорду даярдоо.

***Кафедранын тарыхы:***

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин Окумуштуулар Кеңешинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №2 токтомунун жана К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин ректорунун 2022-жылдын 9-сентябрындагы №5-буйругунун негизинде Педагогика кафедрасы түзүлдү. Кафедра башчысы болуп э.и.к., доцент Сулайманова Диларам Капарбаевна дайындалды.

Кафедрада штаттык курамында: 4 илимдин кандидаттары, 2 доцент, 4 ага окутуучу 3 окутуучу жана 1 методист бар.

| | |
|---|---|
| 1.Сулайманова Диларам Капарбаевна | э.и.к., доцент |
| 2.Анаркулов Хабибулла Файзуллаевич | п.и.д., профессор |
| 3.Сакиева Сайипжамал Салайдиновна | п.и.д., профессор |
| 4.Омошев Тологон Тенирович | п.и.к., профессор МНУ |
| 5.Борубаев Таштан Борубаевич | п.и.к., профессор МНУ |
| 6.Абдураимова Зарийпа Самашевна | п.и.к., доцент |
| 7.Оружев Оруч Карамович | профессор м.а. |
| 8.Паязова Айсулуу Манаповна | доцент м.а. |
| 9.Султанова Айжамал Абылкасымовна | доцент м.а. |
| 10.Таныркова Мисират Макамбаевна | ага окутуучу |
| 11.Мамбеталиева Гулшайыр Муктарбековна | ага окутуучу |
| 12.Абдубекова Жумагул Анашбековна | ага окутуучу |

13.Абдукайимова Айнура Жанышбековна ага окутуучу

14.Нурдинова Жанара Доолотбековна окутуучу

15.Каримова Наристе Равшанбековна окутуучу

16.Сабиров Канатбек Усенбаевич окутуучу

17.Дурусалы кызы Айтурган окутуучу

18.Торогулова Жанаргул Куламкадыровна методист

Кафедра 550700 Педагогика багыты “Башталгыч класстарда окутуунун педагогикасы жана методикасы” профилиндеги студенттерге билим берүү милдеттерин иш жүзүнө ашырат.



Бүгүнкү күндө 550700 – Педагогика багыты боюнча 952 студент бар:

-күндүзгү бөлүмүндө 89 студент (1-курс ПЕД(б)-1-22 группасында -25 студент; 2-курс ПЕД(б)-1-21 группасында -20 студент; 3-курс ПЕД(б)-1-20 группасында -28 студент; 4-курс ПЕД(б)-1-19 группасында -16 студент);

-сырттан окуу бөлүмүндө 863 студент (2-курста 60 студент; 3-курста 401 студент; 4-курста 198 студент; 5-курста 204 студент).



Кафедрада 550700 Педагогика багыты “Башталгыч класстарда окутуунун педагогикасы жана методикасы” профилиндеги студенттерге кружоктор уюштурулган:

1.”Креативдүү педагог” – заманбап башталгыч класстын мугалимдерин даярдоо боюнча;



2.”Киберпсихолог” – заман талабына ылайык психологдорду даярдоо боюнча.

Ошондой эле кафедранын карамагында 1 лекциялык зал, 1 методикалык каана бар. Методикалык каанада окутуучуларга жакындан методикалык жардам көрсөтүлөт. Педагогика багытында окуган студенттерге курстук иштерди, практиканын отчетторун жазуу, илимий-усулдук ж.б.у.с. иштер жүргүзүлөт.

***Кафедранын илимий багыты:***

“Педагогика, психология жана окутуунун инновациялык методдору”.

***Кафедранын негизги милдеттери:***

-университетте жогорку квалификациядагы илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону камсыз кылуу;

-жаңы билимдерди түзүүнүн, жаңы технологияларды өздөштүрүүнүн, илимди өнүктүрүүнүн эң маанилүү багыттары боюнча илимий мектептерди түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизи катары фундаменталдык изилдөөлөрдү өнүктүрүү;

-жогорку билим берүүнү калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин изилдөө жана иштеп чыгуу;

-билим берүү жана тарбиялоо милдеттерин чечүүгө илимдин таасирин күчөтүү;

-илим менен билим берүүнүн дүйнөлүк системасына кирүү жана илимий продукцияны биргелешип иштеп чыгуу максатында чет мамлекеттердин окуу

жайлары, илимий борборлору менен эл аралык илимий кызматташтыкты кеңейтүү.

